**Мектеп компоненти үчүн берилген 1 саатка тандоо боюнча предметтерин мектептин базистик окуу планына киргизүү максатында ата-энелерден жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы**

1. Балаңызга, кызыңызга кайсы мектеп предметин окуган жагат?
   баары эле жакшы, бирок улуттук тилибизди, салтыбызды сактасак
2. Сиз өзүңүз кайсы мектеп предметин тереңдетип окутуу керек деп ойлойсуз?
   Заманбап информатика
3. Сиздин балаңыз, кызыңыз окуган класста кайсы предметти тереңдетип окутууга сунуш кылат элеңиз?
   кыргыз тили, адабияты боюнча
4. Кайсы предметти мектептин компонентине киргизүүгө сунуштайсыз?
   „Манас таануу" – 247
   „Талдоого көнүктүрүү – 201
   „Информатика" – 61

Ата-энелер чогулушундагы сурамжылоодон улам, көпчүлүк ата-энелер т.а.83% улуттук нарктуулукту үйрөнүү, колдоо, сактоо максатында "Манас таануу" курсун тандашты. Айрым ата-энелер (17%) учурдагы көйгөйлөрдү эске алуу менен сабаттуу жазуу курсун сунушташты.

Ал эми 5-класстары үчүн окуучуларды коомчулук алдында маданияттуу сүйлөөгө, сабаттуу жазууга көнүктүрүү максатында сунущталган кыргыз тилинен "Кыргыз тили боюнча талдоого көнүктүрүү" курсу сунушталып, 78% га жактырылды.

10-класстарда мектеп компоненти үчүн берилген 1 саат үчүн заман талабы болгон техниканы өздөштүрүү, интернет желесин туура пайдаланууну өздөштүрүү максатында 89% менен информатика предмети жактырылды.

Сканировано с CamScanner

**Мектеп компоненти үчүн берилген 1 саатка тандоо боюнча предметтерин мектептин базистик окуу планына киргизүү максатында окуучулардан алынган сурамжылоонун жыйынтыгы**

1. Сага кайсы мектеп предметин окуган жагат?
   Информатика, кыргыз адабияты
2. Сен кайсы мектеп предметин тереңдетип окуу керек деп ойлойсуң?
   ______________________________
3. Сен окуган класста кайсы предметти тереңдетип окутууга сунуш кылат элең?
   кыргыз адабияты, информатика
4. Кайсы предметти мектептин компонентине киргизүүгө сунуштайсың?
   Манас таануу – 294
   Талдоого көнүктүрүү – 423
   Информатика – 90

5-класстар жалпысынан 462 окуучу, анын ичинен 423 окуучу катышып, кыргыз тилинен "Талдоого көнүктүрүү" кошумча окуу ашык эместигин баракчаларына белгилешип, жалпы пайыздык көрсөткүчү 81% ды түздү.

Жалпысынан 8-класстарында 8 кыргыз класс бар, анын ичинде окуучулардын саны-341,
катышканы-294 окуучу.
Мектеп компонентине сунушталган предметтер: кыргыз адабиятынан Манас таануу, кыргыз тили боюнча "Сабаттуу жазууга көнүктүрүү" сунушталып, сурамжылоонун жыйынтыгында 86% менен Манас таануу курсу жактырылды.

10-класстар жалпысынан-96 окуучу, катышканы-90 окуучу, сурамжылоонун жыйынтыгында практикалык сабак катары информатика предмети боюнча окууну 95% окуучу жактырышты.

Сканировано с CamScanner

Сурамжылоонун жыйынтыгында төмөнкүдөй көрсөткүч болду

| Класстар | Ата-энелер % | Окуучулар % |
|---|---|---|
| 5-класстар | 78 | 81 |
| 8-класстар | 83 | 86 |
| 10-класстар | 89 | 95 |

Жыйынтыгында ата-энелер менен окуучулардын көз караштарынын дал келүүсүнүн негизинде төмөндөгүдөй жыйынтык болду.

1.”Талдоого көнүктүрүү” 5-класстарда;
2.” Манас таануу” 8-класстарда;
3.Информатика 10-класстарда мектеп компоненти катары окутууга сунушталып, окуу планына киргизилди.

Буйрук кабыл алынып, мугалим бекитилип, КТП иштелип чыгып, бүгүнкү күндө сабактар жүгүртмөгө коюлуп өтүлүп жатат.

ОТИ боюнча директордун орун бачары: Кулманова Б.А.

Сканировано с CamScanner